DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Уметалиева Н.К., Шамшиев Б.Н.*

# БИШКЕК ШААРЫНЫН НЕГИЗГИ ЖАШЫЛДАНДЫРЫЛГАН АЙМАКТАРЫНЫН БАДАЛ-ДАРАКТАРЫН ИНВЕНТАРИЗАЦИЯЛОО

*Уметалиева Н.К., Шамшиев Б.Н.*

# ИНВЕНТАРИЗАЦИЯ ДЕРЕВЬЕВ И КУСТАРНИКОВ В ОСНОВНЫХ ОЗЕЛЕНИТЕЛЬНЫХ ЗОНАХ ГОРОДА БИШКЕК

*N. Umetalieva, B. Shamshiev*

# INVENTORY OF TREES AND SHRUBS IN THE MAIN LANDSCAPE AREAS IN BISHKEK

*УДК: 630.53(07)*

*Бул макаланы жазууда негизинен Бишкек шаарынын негизги жашылдандарылган аймактарынын (парктар, бакчалар, бактар, бульвар, сквер жана көчөлөрдүн жээгиндеги) бадал-дарактары инвентаризациядан өтүп, анын жыйынтыгы берилди. Кошумча маалымат катары "Бишкекзеленхоз" МПнан алынган маалыматтар колдонулду. Негизги бадал-дарактар парктарда жана бакчаларда отургузулуп, эң көп Свердлов райондук аймагында аныкталды (30468 даана). Ал эми скверлерди жана бульварларды инвентаризациялоодо жалпысынан 58 участок изилденип, Ленин районунда жашылдандыруу жыштыгы салыштырмалуу жогору болду. Ал эми көчөлөрдүн жээгиндеги бадал дарактарды инвентаризациялоодо жалпы 103744 дарак инвентаризациядан өтүп, Бишкек шаарында бир типтүү бадал-дарактар басымдуулук кылаары белгилүү болду. Жалпысынан инвентаризация жүргүзүүнүн жыйынтыгы менен жалпы бадал-дарактардын санитардык-экологиялык абалын баалаган учурда, негизинен физиологиялык картайып бара жаткан дарактар басымдуулук кылып, абалы орточо канааттандыраарлык деп табылды.*

***Негизги сөздөр:*** *инвентаризация, бадал, жашылдандыруу, жазы жалбырактуу дарактар, ийне жалбырактуу дарактар.*

*При написании данной статьи была проведена инвентаризация деревьев основных зеленых зонах г. Бишкек (парки, сады, сады, бульвары, скверы и обочины) и представлены результаты. В качестве дополнительной информации использованы данные, полученные от МП «Бишкекзеленхоз». Основные кустарники высажены в парках и садах, причем наибольшее их количество выявлено в Свердловском районе (30 468 шт.). А в инвентаризации скверов и бульваров изучено всего 58 участков, частота озеленения в Ленинском районе была относительно высокой. А в инвентаризации кустарников и деревьев вдоль улиц всего было инвентаризировано 103 744 дерева, и стало известно, что в Бишкеке преобладает однотипная посадка кустарников и деревьев. В целом при оценке санитарно-экологического состояния кустарников и деревьев по результатам инвентаризации преобладали физиологически стареющие деревья, а состояние признано умеренно удовлетворительным.*

***Ключевые слова:*** *инвентаризация, кустарник, озеленение, широколиственные деревья, хвойные деревья.*

*In this article considered an inventory of trees in the main green areas of Bishkek (parks, gardens, gardens, boulevards, squares and roadsides) was carried out and the results. As additional information, data received from SE "Bishkekzelenkhoz" was used. The main shrubs are planted in parks and gardens, with the largest number of them found in the Sverdlovsk region (30,468 pieces). And in the inventory of squares and boulevards, only 58 sites were studied, the frequency of planting in the Leninsky district was relatively high. And in the inventory of shrubs and trees along the streets, a total of 103,744 trees were inventoried, and it became known that the same type of planting of shrubs and trees prevails in Bishkek. In general, when assessing the sanitary-ecological state of shrubs and trees, according to the results of the inventory, physiologically aging trees prevailed, and the state was recognized as moderately satisfactory.*

***Key words:*** *inventory, shrub, landscaping, broad-leaved trees, coniferous trees.*

Бишкек шаарын жашылдандыруу боюнча алгачкы илимий изилдөөлөр орус окумуштуусу, багбан Алексей Михайлович Фетисовдун жасаган эмгектеринен башталат. 1878-жылы Г. Колпаковский "Шаарды болжолдуу жайланыштыруу" боюнча проектинин планына кол коюп, А.М. Фетисовго шаар паркын жайгаштыруу ордун аныктоо тапшырмасы берилип, алгачкы жашылдандыруу иштери башталган. 1942-жылдан баштап жазы жана ийне жалбырактуу бадал-дарактар аралаш отургузулуп парктын аты И. Панфилов атындагы парк болуп аталып, кошумча эс алуучу атракциондор жайгаштырылып, эс алуучу аймакка айланган [7]. Ф. Фетисовдун ишмердүүлүгүнүн натыйжасында кийинчерээк жалан гана теректерден отургузулган Эркиндик бульвары түзүлгөн. 1879-жылы шаардын түндүк-чыгыш тарабына 100 дөгөн га аянтка саздарды кургатуу менен токой паркы болуп саналган Каражыгач токойчосун куруу башталган. Анда мөмө дарактарынын европалык сортторун отургузуу менен токойчонун аймагында мөмө дарак питомнигин жасаган. 1930-1934-жылдары бул аймакта 5 га аянтка 80 түр декоративдик бадал-дарактарды отургузуу менен "Арборетум" түзүлгөн. 1960-жылдары бул аймактын 160 га аянты толугу менен токойго айланган. Мындан сырткары 12 га аянтка Ботаникалык бакча түзүлгөн да бадал-дарактардын 50 түрү отургузулган [5].

1938-жылы Э.З. Гареев негиздеген Ботаникалык бак түзүлгөн. Бул аймакта биринчи жолу илимий-изилдөө иштери жүргүзүлүп жергиликтүү флораны изилдөө жана интродукция жолу менен флораны байытуу иш чаралы жүргүзүлгөн. Жалпы аянты 174,17 га аянтты ээлеп анын ичинен 14,5 га аянтында дендрарий корукча уюштаралса, 5,5 га аянтына гүлдөөчү-декоративдик өсүмдүктөрдүн фонддук оранжереясы уюшулган, ал эми 150 га аянтында ботаникалык

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



илимий-изилдөө бакчасы жайгаштырылган [4-6]. Л.М. Андрейченко 1937-жылдардан тартып эмен дарактарын интродукциялоо менен тажрыйбадан өткөргөн. Узак жылдарга созулган илимий изилдөөлөрүндө жалпысынан эмен дарактарынын 30 түрү жана формалары алынып келинип отургузулган. Кийинчерээк бул түрлөр жакшы калыптанып калгандан кийин шаарды жашылдандырууда кенири колдонулуп, эмен багы негизделген [1]. Кийинчерээк эмен, каштан, каражыгач ж.б. декоративдик дарактарды отургузулуусу менен парк кайрадан жандандырылган.

П.А. Ган Кыргызстандын Тянь-Шань тоо кыркаларына, Чүй жана Талас аймактарына, анын ичинен Фрунзе шаарына ийне жалырактуу дарактарды интродукциялоо менен экосистеманы жашылдандырууда, түрдүк ассортиментин жакшыртууда кипаристер тукумунан 14 түр, карагайлар тукумунан 43 түрдү интродукциялап, аларды өстүрүүдө чоң эмгек жасаган. Негизги эмгеги ийне жалбырактарды интродукциялоо менен токойлорду кенейтүү болгон [3].

1970-жылдары Фрунзе шаары Советтер Союзундагы эн жашыл шаарлардын катарына кирген. Бирок, буга карабастан жол жээктеринде бир түрдүү дарактардын отургузулуусу басымдуулук кылып, алардын декоративдүүлүгү начар болгон. Ошол учурда жергиликтүү топурактын жана климаттын шарттары бадал-дарактардын декоративдүү ассортименттерин өстүрүүгө мүмкүнчүлүгү жогору болгон. Бул учурда Ботаникалык бакчада ар кандай бадал дарактардын сорттору жана формалары боюнча чоң өлчөмдө коллекциясы чогулган. Алардын ичинде жапайы түрлөрү, өзгөчө кооз түрлөрү бакча формаларына караганда көп болгон. Азыркы учурда Бишкек шаарын жашылдандырууда КР УИАнын П.А. Ган атындагы Токой бөлүмүнүн дендрарийинде 150 гө жакын бадал-дарактардын түрлөрү өстүрүлүп, шаарды ж.б. калкттуу пункттарды жашылдандырууда колдонулуп келет.

Бүгүнкү күндө Бишкек шаарынын санитардык-экологиялык абалын баалоодо алгач аларды толугу менен инвентаризациядан өткөрүү керек. Тилекке каршы шаар боюнча так, толугу менен инвентаризация иштери жүргүзүлгөн эмес. Ушуга байланыштуу Бишкек шаарынын негизги жашылдандырылган аймактарынын бадал-дарактарын инвентаризациядан өткөрүп, санитардык-экологиялык абалын баалоо актуалдуу болуп саналат.

**Изилдөө ыкмасы жана материалдар.** Илимий изилдөөлөрдүн негизги максаты Бишкек шаарынын жашыл өсүмдүктүүлүгүнүн ассортиментин жакшыртууга жана жашылдандырууга багыталып, алардын түрдүк курамы аныкталып, атайын инвентаризациядан өткөрүлдү.

**Изилдөөнүн негизги объектиси** болуп, Бишкек шаарынын дендрофлорасы саналды. Илимий изилдөөлөр вегетациялык мезгил башталгандан баштап, терең күзгө чейинки аралыкты камтып, вегетациялык мезгилдин ар бир учуру боюнча белгиленген бадал-дарактардын түрдүк курамы каралып, талаа-лабораториялык иштер жасалды.

Дендрафлорадагы бадал-дарактардын түрдүк курамынын көп түрдүүлүгүн изилдөө маршруттук ыкма менен жүргүзүлүп, токой-таксациялык көрсөткүчтөрү "Орто Азиянын флорасы", "Кыргыз ССРнин флорасы", "СССРдин флорасы" боюнча аныкталды [2].

Изилдөө учурундагы бардык цифралык материалдар вариациялык статистика методу боюнча эсептелди [8].

***Жеке изилдөөлөрдүн жыйынтыгы.*** Бишкек шаарынын бадал-дарактарынын экологиялык, санитардык, декоративдик абалын жана алардын түрдүк курамын аныктоодо инвентаризациялоо иштери жүргүзүлөт. Изилденип жаткан аймакта бадал-дарактардын негизги бөлүгү калк эс алуу үчүн жасалган парктарда, бульварларда, бакчаларда жана парктарда болгондуктан, ушул аймактар инвентаризациядан өттү.

Шаар экосистемасында жалпы 12 парк, 8 бакчалар, 17 токой-паркчалар бар жана алар 770 га янтты түзүп, жалпы шаардын 4,92% түзөт. Инвентаризация жүргүзүүнүн жыйынтыгында шаар ичиндеги 4 райондон бадал-дарактардын түрдүк курамы жана саны жогору болгону болуп Октябрь району саналды. Бул аймактын негизги жашылдандыруу аймагын Ботаникалык бактар жана Жеңиш паркы түзүп, бадал-дарактардын эң көп өлчөмү жайланышкан. Алсак, Ботаникалык бакта 5500 дөн ашуун жашыл өсүмдүктөрдүн формалары жана сорттору өстүрүлсө, алардын ичинен бадал-дарактар 2500 түрдөн ашуунун түзөт. Мындан сырткары Жениш паркында 11118 даана бадал-дарактын түрү өзсө, ал эми Ата-Түрк паркында бул көрсөткүч 13369 га жетет. Негизинен бардык парктарда жана токой паркчаларында жазы жалбырактуу дарактар басымдуулук кылат.

Инвентаризациялык анализдин жыйынтыгында: Эмен паркында – эмен дарагынын түрлөрү; Ата-Түрк паркында – зараң, карагай, арча; Жаңгак токойчосунда – зараң менен грек жаңгагы; Жеңиш паркында – терек, көк карагай; Жаштар паркында - каражыгач; Панфилов паркында – ак чечек, чынар терек, карагай жана жылкы жаңгагы; Фучик паркында – эмен, каражыгач; Тери завод аймагында - эмен, тал, каражыгач дарактары басымдуулук кылды (1-табл.).

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*1-таблица*

**Бишкек шаарынын парктарындагы, токойчолорундагы жана бакчалардагы бадал-дарактарды инвентаризациялоонун жыйынтыгы (даана менен)**

| к/№ | Парктардын аталышы | Жазы жалбырактуу дарактар | Ийне жалбырактуу дарактар | Бадалдар | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Свердлов району** | | | | |
| 1. | Аламүдүн паркы | 238 | 21 | 35 | 294 |
| 2. | №1 тери өндүрүүчү завод аймагы | 4123 | 69 | 321 | 4513 |
| 3. | Киргизияга 40 жыл | 4098 | 12 | 112 | 4222 |
| 4. | Каражыгач токойчосу | 11170 | 6798 | 3489 | 21457 |
| | **Октябрь району** | | | | |
| 5. | Жаңгак токойчосу паркы | 1008 | 30 | 25 | 1063 |
| 6. | Жеңиш паркы | 9559 | 1324 | 235 | 11118 |
| 7. | 6 мкр паркы | 320 | 41 | 83 | 444 |
| 8. | Ата-Түрк паркы | 9200 | 3473 | 986 | 13659 |
| | **Биринчи май району** | | | | |
| 9. | Жаштар паркы | 2526 | 199 | 940 | 3665 |
| 10. | Эмен паркы | 989 | 869 | 40 | 1898 |
| 11. | Панфилов паркы | 37 | 128 | 37 | 202 |
| | **Ленин району** | | | | |
| 12. | Жерди иштетүү институту | 1165 | 39 | 238 | 1442 |
| 13. | Рабочий городок | 498 | 80 | 15 | 513 |
| 14. | Фучик паркы | 2413 | 206 | 257 | 2876 |
| 15. | Чапаева көчөсүндөгү парк | 1050 | 32 | 3 | 1085 |

Бишкек шаарынын аймагындагы скверлерге жана бульварлардагы бадал-дарактарга инвентаризация жасаган учурда жалпысынан 68 участок изилденип анын жыйынтыгы 2-таблицада берилди.

Жалпысынан Свердлов районунан - 2931 даана бадал-дарактар инвентаризацияланса, Октябрь районунан - 5433 даана бадал-дарак, Биринчи май районунан - 2625 дарак, ал эми Ленин районунан – 11116 бадал-дарактардын түрү инвентарзицацияланды. Булардын ичинен жазы жалбырактуу дарактар - 20999, ийне жалбырактуу дарактар – 7782 даана жана 3324 даана бадалдар болду. Негизинен жашылдандыруу жогору болгон аймак болуп Биринчи май району саналды.

Жүргүзүлгөн инвентаризациялык эсептин жыйынтыгында: Жаш гвардия бульвары менен Эркиндик бульварында – эмен жана каражыгач дарактары көп санда экени белгилүү болду.

*2-таблица*

**Бишкек шаарынын скверлериндеги бадал-дарактарды инвентаризациялоонун жыйынтыгы**

| к/№ | Парктардын аталышы | Жазы жалбырактуу дарактар | Ийне жалбырактуу дарактар | Бадалдар | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Свердлов району = 2931** | | | | |
| 1. | Жениш аянтчасы | 98 | 127 | 60 | 285 |
| 2. | Театралдык сквер | 423 | 335 | 213 | 971 |
| 3. | Цирк | 87 | 47 | 31 | 165 |
| 4. | Райондук администрация | 25 | 52 | 21 | 98 |
| 5. | Аламүдүн дарыясынын жээги | 669 | 140 | 85 | 894 |
| 6. | Бакинская көчөсүндөгү сквер | 409 | 41 | 12 | 462 |
| 7. | Карлинская көчөсүндөгү сквер | 20 | 27 | 9 | 56 |
| | **Октябрь району - 5433** | | | | |
| 8. | Сухе-Батор көчөсүндөгү сквер | 401 | 121 | 37 | 559 |
| 9. | КГИФК сквери | 2145 | 110 | 140 | 2395 |
| 10. | Администрациянын сквери | 85 | 39 | 5 | 129 |
| 11. | Малдыбаев сквери | 23 | 13 | 6 | 42 |
| 12. | 8 микрорайон сквери | 260 | 273 | 98 | 631 |
| 13. | 10 микрорайон сквери | 44 | 191 | 87 | 322 |
| 14. | Кайын токойчосу сквери | 836 | 26 | 53 | 915 |
| 15. | Ж.Пудовкин сквери | 180 | 168 | 92 | 440 |
| | **Биринчи май району = 12625** | | | | |
| 16. | Өкмөт үйү | 160 | 87 | 50 | 297 |
| 17. | Достук үйү | 56 | 43 | 9 | 107 |
| 18. | Трудовая слава | 3 | 99 | 21 | 123 |

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 19. | Достук сквери | 145 | 155 | 49 | 349 |
| 20. | Совмин | 109 | 75 | 46 | 230 |
| 21. | Достук монументи | 141 | 26 | 28 | 195 |
| 22. | Революция ардагерлери сквери | 38 | 186 | 30 | 254 |
| 23. | Чернышевский аймагы | 146 | 84 | 31 | 261 |
| 24. | РЦАЮ “Сейтек” | 93 | 64 | 47 | 204 |
| 25. | Фрунзе музейи | 40 | 17 | 11 | 68 |
| 26. | Россия кинотеатры | 42 | 26 | 9 | 77 |
| 27. | Жогорку Кенеш | 4 | 56 | - | 60 |
| 28. | Мамлекеттик Кыргыз драмтеатры | 40 | 21 | 8 | 69 |
| 29. | Вокзалдын сквери | 53 | 27 | 32 | 112 |
| 30. | Горький сквери | 61 | 90 | 10 | 161 |
| 31. | Тоголок Молдо сквери | 719 | 275 | 119 | 1114 |
| 32. | Чатыркөл кинотеатры | 80 | 49 | 32 | 161 |
| 33. | Ак үй | 55 | 438 | 4 | 497 |
| 34. | Ленин атындагы китепкана | 126 | 30 | 21 | 177 |
| 35. | ФПТИ | 135 | 35 | 43 | 213 |
| 36. | Саякат мейманканасы | 40 | 26 | 10 | 76 |
| 37. | Скрябин сквери | 20 | 19 | 29 | 68 |
| 38. | Айни көчөсүндөгү сквер | 229 | 87 | 91 | 407 |
| 39. | №61 мектеп сквери | 239 | 14 | 36 | 289 |
| 40. | Планетария сквери | 309 | 128 | 143 | 580 |
| 41. | Тынчтык проспекти | 589 | 265 | 12 | 866 |
| 42. | Эркиндик бульвары | 2196 | 611 | 68 | 2875 |
| 43. | Жибек-Жолу көчөсү | 1885 | 635 | 214 | 2734 |
| **Ленин району = 11116** | | | | | |
| 44. | Лущихина көчөсү менен ХБК | 49 | 8 | 30 | 87 |
| 45. | Ахунбаева көчөсүндөгү сквер | 90 | 103 | 5 | 198 |
| 46. | 6-линия көчөсүндөгү сквер | 58 | 4 | 16 | 78 |
| 47. | Сухомдлинов көчөсүндөгү сквер | 84 | 10 | 4 | 98 |
| 48. | №4 шаардык больница | 1080 | 140 | 8 | 1228 |
| 49. | Ленин заводунун жээги | 221 | 2 | 12 | 235 |
| 50. | “Манас” кинотеатры | 228 | 44 | 9 | 281 |
| 51. | Шлагбаум | 98 | 12 | 12 | 122 |
| 52. | Краснознаменной көчөсүндөгү сквер | 112 | 3 | 5 | 120 |
| 53. | Жаш гвардия бульвары | 2858 | 469 | 81 | 3408 |
| 54. | Арбитраждык сот | 16 | 18 | 330 | 364 |
| 55. | №31 Орто мектеп | 17 | 152 | 9 | 178 |
| 56. | “Октябрь” кинотеатры | 147 | 18 | 6 | 171 |
| 57. | Мэриянын аянтчасы | 32 | 41 | 31 | 104 |
| 58. | КУУнун лабораториялык корпусу | 193 | 69 | 6 | 268 |
| 59. | Ала-арча дарыясынын агымынын жээги | 763 | 44 | 21 | 828 |
| 60. | “Үч бурчтук” сквери | 211 | 53 | 39 | 303 |
| 61. | Университеттин багы | 481 | 340 | 37 | 858 |
| 62. | Спорттук мектеп | 151 | 12 | 83 | 246 |
| 63. | Чапаев көчөсү менен ХБК | 178 | 721 | 13 | 912 |
| 64. | Чапаев көч.сквер | 227 | 12 | 44 | 283 |
| 65. | №7 орто мектеп | 27 | 11 | 65 | 103 |
| 66. | Гагарина көчөсүндөгү сквер | 146 | 9 | 1 | 156 |
| 67. | ЛРА | 34 | 73 | 4 | 111 |
| 68. | Жаштар аллеясы | 40 | 299 | 87 | 426 |

Бишкек шаарынын аймагындагы көчөлөрдүн жээгиндеги бадал-дарактарды инвентарзизациялоодо жогорудагыдай эле ар бир районго ажыратып алуу менен эсеп жүргүзүлдү. Анда Свердлов районунан 37 көчөдөгү жалпы 23529 бадал-дарак эсепке алынса, Октябрь районунан 32 көчөдөгү 23027 даана бадал-дарактарга, Биринчи май районунан 34 көчөдөгү 18392 даана бадал-даракка, ал эми Ленин районунан 51 көчөнүн жээгинде өскөн 38796 даана даракка инвентаризация жүргүзүлдү. Жыйынтыгында жазы жалбырактуу дарактардан – 79274 даана, ийне жалбырактуу дарактардан – 17849 даана ал эми бадалдардан – 6621 даана эсепке алынып, жалпы 103744 дарак инвентаризацияланды (3-таблица).

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*3-таблица*

**Бишкек шаарынын көчөлөрүнүн жээгиндеги бадал-дарактарды инвентаризациялоонун жыйынтыгы**

| к/№ | Көчөлөрдүн саны | Жазы жалбырактуу дарактар | Ийне жалбырактуу дарактар | Бадалдар | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|
| **Свердлов району** | | | | | |
| 1. | **37** | 19099 | 3774 | 656 | 23529 |
| **Октябрь району** | | | | | |
| 2. | **32** | 14966 | 6029 | 2032 | 23027 |
| **Биринчи май району** | | | | | |
| 3. | **34** | 15237 | 2039 | 1116 | 18392 |
| **Ленин району** | | | | | |
| 4. | **51** | 29972 | 6007 | 2817 | 38796 |
| **Жалпы:** | | 79274 | 17849 | 6621 | 103744 |

Жогоруда жүргүзүлгөн инвентаризациялык эсептөөлөрдүн жыйынтыгын диаграмма түрүндө берсек 1-диаграммадагы көрүнүш алынат.




**1-диаграмма.** Бишкек шаарындагы бадал-дарактарды инвентаризациялоонун жыйынтыгын район боюнча бөлүштүрүү.

1-диаграммада белгилүү болгондой, бадал-дарактарды инвентаризациялоонун жыйынтыгында Свердлов районунда парк, бакча, токойчолордо жана көчөлөрдүн жээгинде бадал-дарактардын саны салыштырмалуу жогору болсо, Ленин районунда көчө жээктериндеги бадал-дарактардын саны жогору болду (38796 даана), ал эми Октябрь жана Биринчи май райондорунда бул көрсөткүчтөрдүн катышы салыштырмалуу жакын баланста кармалат.

Инвентаризациялык эсептөөлөрдү жүргүзүүдө негизинен шаар экосистемасында бир типтүү бадал-дарактар басымдуулук кылды. Негизинен эмен, кара-жыгач, каштан, карагай, арча, терек, тал көп санда кездешти. Э.Гареев атындагы Ботаникалык бакчанын илимий окумуштууларынын маалыматы боюнча Бишкек шаарында жалпысынан 5000 ден ашуун бадал дарактардын түрлөрү, формалары жана алардын гибриддери өсөт [1].

**Корутунду.** Бишкек шаарынын негизги жашылдандырылган аймактарынын бадал-дарактарына инвентаризация жүргүзүүдө негизги бадал-дарактар парктарда жана бакчаларда отургузулуп, эң көп Свердлов райондук аймагында аныкталып, алардын саны 30468 дааннаны түздү. Ал эми скверлерди жана бульварларды инвентаризациялоодо жалпысынан 58 участок изилденип, алардын ичинен 4 админстративдик аймак боюнча салыштырганда Ленин районунда жашылдандыруу жыштыгы салыштырмалуу жогору болду. Көчөлөрдүн жээгиндеги бадал дарактарды инвентаризациялоодо жалпы 103744 дарак инвентаризациядан өтүп, Бишкек шаарында 5000 ден ашуун бадал-дарактардын түрлөрү аныкталды. Жана да

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



изилдөөдө бир типтүү бадал-дарактар басымдуулук кылаары белгилүү болду. Жалпысынан инвентаризация жүргүзүүнүн жыйынтыгы менен бадал-дарактардын санитардык-экологиялык абалын баалаган учурда, негизинен физиологиялык картайып бара жаткан дарактар басымдуулук кылып, абалы орточо канааттандыраарлык деп табылды. Бирок, кээ бир аймактарда толугу менен санитардык-экологиялык талаптардын категориясына туура келбейт.

**Адабияттар:**


1. Андрейченко Л.М., Малосиева Г.В. Рекомендации по ассортименту древесных растений для озеленения г.Бишкек. - Б., 2017.
2. Бикиров Ш.Б., Бикирова А.Ш. и др. Ассортимент древесно-кустарниковых пород, рекомендуемых для озелененияе городов и курортной зоны озера Иссык-Куль. - Б., 2020. 63 с.
3. Ган П.А. Интродукция и лесоразведение хвойных пород в Киргизии. Ф., 1987. - 152 с.
4. Дендрарий – заповедник Ботанического сада Академии Наук Киргизской ССР [Текст] / В.И. Ткаченко, А.И. Кунченко, В.М. Джанаева и др. - Фрунзе: Илим, 1969. – 97 с.
5. Ткаченко В.И., Воробьева М.Г., Андрейченко Л.М. Кустарники в озелененииив Киргизии. - Ф., 1976. - 32 с.
6. Ткаченко В.И. Деревья и кустарники дендрария заповедника Ботанического сада АН Киргизской ССР [Текст] / В.И. Ткаченко. - Фрунзе: Илим, 1967. - 62 с.
7. Энциклопедия [Текст] // Главная редакция Киргизской Советской Энциклопедии. - Ф.: Сов.энцикл., 1984. - 288с.
8. Федоров А.И. Методы математической статистики в биологии и опытном деле [Текст] / А.И. Федоров. - Алма-Ата: Казгосиздат, 1957. – 150 с.